Бүткүл Орусиянын жана Москванын патриархы
Кириллдин Рождестволук кайрылуусу.

Архипастырларга, пастырларга, кечилдерге жана Орус Православлдык Чиркөөсүнүн бардык ишенимдүү балдарына.
Касиеттүү архипастырлар, абийирдүү аталар, Кудайды сүйгөн инокийлер жана инокинялар, кымбаттуу бир туугандарым !

Кубанычка жык толгон бул Рождество майрамында, биздин куткаруучубуз Иисус Христостун төрөлүш майрамында силерди чын жүрөктөн куттуктайм. Нурга бөлөнгөн бул түнү биз бардыгыбыз бирге периштенин ыйык сөзүн "адамдарга берилген улуу сүйүнүчтү: Давид шаарында биздин Куткаруучубуз төрөлдү" (Лк. 2, 10-11)-деп кайталашыбыз керек.
Күнөөгө батып, Кудайдан алыстаган адамзат кайрадан өзүнүн Тенирине, Жаратканына кошула алат.

Кудайдын уулунун бул жашоого киришинин өзү Анын өз ыктыяры менен абийирин кетирген, азаптуу "өлүмгө, айкаш жыгачтагы өлүмгө" (Фил 2,8) даяр экендигин билдирет.

Кудай өзүнүн адамдарга болгон сүйүүсүн билдирүү үчүн, Анын чакырыгын укусу келген адамга жардам берүү үчүн Адам таризде төрөлөт.

Так ушул себептүү бул майрам жашоодогу кандай гана кыйынчылык болбосун Кудайдан жардам күтүү үмүтүн тартуулайт. Өзүнүн жараткан пендесин унутпастан аларга түбөлүктүүлүккө жол ачкан Кудай бизге камкордукту талап кылган, коргоосуз, алсыз ымыркай Христин кейипинде келген.

Биз бардыгыбыз бул билиялык кейипти жүрөгүбүздө сакташыбыз керек. Бешикте жаткан Кудай-ымыркайды эстесек адамзатты жыргалчылыкка үндөгөн Жаратканга болгон терен ишенимге, үзүлбөс үмүткө ээ болобуз. Бул жашоодо таянаарга тоо калбай, бардыгы ишенимсиз, туруксуз сезилсе да Жараткан Тенирдин күчү бул жашоонун татаал азаптарын жыргалчылыкка айландырып, рухий дөөлөттөргө толтуруп салаарына ишенүүбүз керек.

Куткаруучунун келиши майрамында бардык ишеними күч адамдардын ойлору, көз караштары христиандыктын бешиги болгон Ыйык Жерге, Кудайдын Жердеги болгон кызматы болуш бакытына ээ болгон жерге бурулат. Бул Ыйык тарыхтын окуялары өткөн жердеги Христин улантуучулары азыркы күндө да кылым карыткан каада-салттардын бузулуш коркунучу алдында турат. Рождествонун бул жаркын күнүндө биздин баасыз ыйыктыктардын коргоочуларына, алгачкы христиандыкты жактоочуларына, биздин ишеними бирдей бир туугандарыбызга жардам сурап сыйыналы.

Бир мүчөгө доо кетсе, бардык мүчө зыркырайт (1 Кор. 12,26). Апостолдун бул сөзү бир приходдун, бир чиркөөлүк коомдун мүчөлөрүн эмес, албетте дүйнөнүн төрт бурчуна тараган бардык Бирдиктүү Ыйык, Собордук жана Апостолдук чиркөөнүн, Православдык чиркөөнүн мүчөлөрүн камтыйт. Анын бирдиктүүлүгү бир гана ишенимдин, тутунган диндин бирдейлигинде эмес, кыйынчылыкта кошо азаптануусунда, бири бирине кызмат кылуусунда, бири-бири үчүн сыйынуусунда.

Өткөн жыл көптөгөн элдер, көптөгөн мамлекеттер, анын ичинде тарыхый Россиянын аймагында жашагандарга да оңой болгон жок, көптөгөн табигый кырсыктар, кайгылуу окуялар биздин динибизди, туруктуулугубузду сынады.

Ошентсе да азыркы күндө сыноолор материалдык эмес рухий жактан болууда. Материалдык зыян биздин денебизге жана өзүбүзгө түзгөн ыңгайлуулуктарга тиет.

Материалдык тараптан тарткан зыян бизге руханий тараптан зыян алып келе албайт. Руханий тараптан караганда гана бизге мезгил чакырык таштагансыйт. Бул чакырык биздин жаныбызга Жараткан салган сезимдерди талкалоого багытталган. Бүгүнкү күндө адамдарга чындык деген өзүнсүн, ар кимдин өзүнүн чындыгы бар, ар бир Адам жакшы деген эмне жаман деген эмне өзү тактайт деген ишенимди тартуулоого аракет кылып жатышат. А Жараткан Кудайдын чындыгын, ушул чындыкка негизделген жакшы-жамандын айырмасын тааный билүүнү, түбөлүк жашоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып, жанды бузган өзүм билемдикке, кайдыгерликке алмаштырууга аракет кылышууда. Эгерде табигый кырсыктар, согуштар азыркы жашоону урандыларга айлантса, руханий кырсыктар адамдын абийирин алып, аларды рухий майыптарга айландырып Жараткан менен пендесинин алакасын жоготуп, Кудайдын жашоо мыйзамдарын бузат.

Бул коркунучтарга, күнөө иштерге каршы турууда бизге Карангы түнгө айланган кылымдын дүйнө башкаруучуларына, асман алдындагы кара күчтөргө каршы турууга бизге күч алып берүү үчүн бизге ымыркай таризде келген Кудайдын алдында кепилдикке турган Аруу кыз менен угодниктерди жардамга чакырышыбыз керек. Жер үстүндөг ү жыргалчылыкка үндөгөн алдамчы күчтөрдү биз бир нерсеге ашыкча берилип кетүү, кыянат максатты көздөө, рекламанын азгырыгы, оюн-зоок жана саясий тексттерден так айырмалап таанууну үйрөнүшүбүз керек. Ар дайым күнөө иштен коргогон жүрөгүн менен кенешип Евангелиенин окуулары менен айкалыштыруу манилүү.

Азыркы күндө ар бир христианин өз кылык-жоруктары менен туура жашоонун манилүүлүгүн далилдеп, тез байууну көздөгөн, Кудайдан алыстоонун терс жактарын далилдеш керек. Биздин айланабызда көптөгөн алсыз, оорулуу, жалгыз бой адамдар бар. Ошол эле убакта акчанын жетишсиздигинен бөтөн жерде жумуш издеп, жаман адамдарга жолугуп, биздин жардамыбызга муктаж адамдар да бар. Социалдык, миссионердик, чиркөөлүк-коомдук иштерди жүргүзүүдө ар бир пастырь, ар бир атуул катышуусу керек. Ыйык Иннокентий Херсонскийдин сөзүндө "Христтин окуусунда гана Кудайды көрүүгө болот, өзүндү жана курчап турган чөйрөнү бурмалоосуз көрө аласын, түбөлүк жашоого жол табасын" – деп айтылат. Бул майрамдын кубанычын биз Христтен баанек тапкандар менен гана бөлүшүшүбүз керек. Ар бирибиз Вифлеем жылдызынын жарыгын өз жакындарыбызга жана жаттарга, чогуу иштегендерге, досторго, тууган-туушканга, досторго алып келсек болот.

Эски жылда мамлекеттик ишканалар менен, коомдук уюмдар менен, ишкерлер менен биргеликте коомчулуктун ишенимин бекемдеп, достукту чындай турган көптөгөн иш-чаралардын башатын баштап койдук.

Мындай кызматташтыктын далили катары, биздин чиркөөбүздүн бирдиктүүлүгүнүн далили катары менин Россияны кыдырышым, Украинага, Молдовага барышым болду. Бул кыдыруу менин сыйынуу тажрыйбамды байытып, кудайчыл адамдар менен мамилемди мурдагыдан да жакындатып, рухий биримдикти жаратууга таасир берди деп ойлойм. Кудайга сыйынуу маалында мынчалык көпчүлүк адамдын топтолушу бул Православиенин сулуулугу, ишенимдин жана сыйынуунун улуу күчү. "Рухтун бирдиктүүлүгү дүйнөнүн биригишинде" (ЕФ. 4,3).

Бардыгыныздарды Христостун төрөлүш майрамы, Рождество майрамы менен, Жаны Жылынар менен куттуктайм. Сыйынганда бардыгыныздардын Кудайды таануу бакытына бөлөнүшүнүздөрдү суранам. "Биз ишеним менен түбөлүк жашоонун мураскери болуп калдык" (Тит 3,7). "Ишениминерде Кудай жыргалчылыкка жеткизет, анткени силер Ыйык Рухтун күчү менен ишениминерди арттырдынар" (Рим. 15,13). Аминь.

Москванын жана бүткүл Россиянын Патриархы Кирилл.

Рождество Христово
2011-2012-ж.ж.

Бул кайрылуу "Өзгөн славяндары" коомдук фондунун төрагасы Шурубков Дмитрий жана котормочу Жээнбаев Рустамбек аркылуу кыргызчаланды.